УДК 378.02:372.8 (575.2)

# КОММУНИКАТИВНЫЕ ПРИЕМЫ ОБУЧЕНИЯ КАТЕГОРИИ ВРЕМЕНИ ГЛАГОЛА ПРИ ПРЕПОДАВАНИИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА КАК ВТОРОГО В ВУЗЕ

*К.А. Биялиев*

На примере одного текста показаны методические приемы системного обучения студентов категории времени глагола при преподавании кыргызского языка как второму в вузе.

*Ключевые слова:* кыргызский язык; коммуникация; компетенция; компетентность; второй язык; коммуникативный метод.

# COMMUNICATIVE METHODS OF TEACHING VERBAL TENSES IN TRAINING THE KYRGYZ LANGUAGE AS A SECOND AT THE UNIVERSITY

*K. Biyaliev*

The article considers methods of teaching verbal tenses in training Kyrgyz as a second language at the university on the example of one text.

*Keywords:* Kyrgyz language; communication; competence; second language; communicative method.

Учурда "Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн УЛУТТУК ПРОГРАММАСЫ" [6] (мындан ары – Улуттук программа) турмушка ашырылууда. Бул программа боюнча Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында мамлекеттик тилдин бириктирүүчү ролун күчөтүү жана көп тилдүүлүктү өнүктүрүү Кыргызстандын элинин биримдигинин негизги фактору болуп эсептелет. Мамлекеттик тилди билүү Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын парзы жана милдети болууга, анын коомдук турмушка активдүү катышуусун жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн аныктаган стимул болууга тийиш. Бул Программаны ишке ашыруу боюнча практикалык натыйжаларга жетишүү үчүн бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандык коом катышкан биргелешкен ишаракеттерин күчөтүү зарыл. Албетте, бул процесcте педагогикалык коомчулук да өзүнүн зор ролун ойноого тийиш.

Ушул программалык документте учурдагы кырдаалды талдоодо "Мамлекеттик тил республиканын бардык окуу жайларында окутулуп жаткандыгына карабастан, кыргыз тили эне тили болуп эсептелбеген жарандардын ондон бир бөлүгү гана бул тилди билет. Ошол эле учурда орус тилдүү мектептердин бүтүрүүчүлөрү мамлекеттик тилди билбеген сыяктуу эле, кыргыз, өзбек, тажик тилдүү мектептердин бүтүрүүчүлөрү расмий тилди талаптагыдай деңгээлде билбейт" деп туура белгиленген.

Улуттук программада күтүлүүчү натыйжаларда "2017-жылдан баштап окуу башка тилдерде жүргүзүлгөн мектептердин бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик тилди билүү деңгээли B1 деңгээлине, башталгыч, орто кесиптик жана жогорку билим берүүнүн бүтүрүүчүлөрүнүкү B2 деңгээлине туура келиши" керек деп белгиленген.

Тилекке каршы, борбордогу окуу жайларына өткөн башка улуттагы студенттердин тил өздөштүрүү деңгээли айрым учурларда A1 деңгээлине да туура келбейт. КРСУда окутуу процесси башталар алдында окууга өткөн студенттердин кыргыз тилин өздөштүрүү деңгээлин аныктоодо "Өзүм жөнүндө" дил баяны жаздырылат. Конкурстан өтүп, жалпысынан мектеп билими ортодон жогору болуп эсептелген, Бишкектеги орто мектептерди, лицейлерди бүтүргөн башка улуттагы студенттер дил баянында "*Мен атым Сергей, мен 17 жашта, атам аты Ольга Петровна*" сыяктуу сүйлөмдөрдү жазышат. Мындай студенттерди ЖОЖдо кыргыз тилине берилген 280 сааттын чегинде (анын ичин-

де 132 аудиториялык саат, өз алдынча даярдануу сааттары – 148) B2 деңгээлине жеткире окутуу мүмкүн эмес. Бул үчүн кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда бала бакча, мектеп программаларын, анын ичинде биринчи кезекте окуу китептерин, жалпы тил үйрөтүү концепциясын түп тамырынан өзгөртүү керек.

Азыркы дүйнөдө билим берүү процесси “компетенттүүлүк”, “кесипкөйлүк” түшүнүктөрүнө негизделүүдө [2, 3, 4, 5, 7, 9, 10]. Түзүлүп калган кырдаалга жараша КРСУда болгон сааттардын чегинде башка улуттардын өкүлдөрүн орто мектепте такыр эле калыптанбаган коммуникациянын негиздерине үйрөтүү милдети коюлууда. Түпкү максат – студенттерди болочок кесиптик чөйрөдө коммуникацияны B2 деңгээлинде өткөрүүгө үйрөтүү. Бул максатка жетүүдө биринчи кезекте болочок кесипке (экономист, укукчу, бажычы, чет тили адиси, транспорт, электроника адиси ж. б.) байланыштуу негизги түшүнүктөрдү, терминдерди кыргызчалап өздөштүрүү, негизги өндүрүштүк процесстерди кыргызча сыпаттоо жана жумуш ордунда өндүрүштүк процесске байланыштуу коммуникацияны жүргүзө алуу зарыл. Мында негизги түшүнүктөрдү, терминдерди кыргызча өздөштүрүүдө адаптацияланган, жеңилдетилген кесипке байланыштуу кыска тексттер жыйнагы колдонулат. Ал эми коммуникациялык компетенттүүлүктү калыптандырууда [8], жумуш ордунда кайсы бир нерсе тууралуу баяндоо, кайсы бир процесстин өтүшүн же өтпөй калгандыгын баяндоо, бул процесстин ар кандай жактарын, кырдаалын, өтүү убактысын тактоо үчүн биз тараптан атайын методикалык ыкмалар тутуму иштелип чыккан.

Жогоруда айтылган нерселерге студенттерди үйрөтүү үчүн, албетте, кыргыз тилинин грамматикалык түзүлүшү менен кыскача тааныштыра турган грамматикалык маалымдагычты камтыган окуу китеби талап кылынат [1]. Кийинки этап – бул студенттерге түшүнүктүү лексиканы камтыган, алардын күндөлүк кыймыл-аракеттерин сыпаттай турган тексттин негизинде болочок кесиптик ишмердүүлүккө өтө керектүү болгон коммуникациялык көндүмдөрүн, анын ичинде, баяндоо, сыпаттоо, суроо берүү иретинде тактоо, ырастоо же төгүн экендигин билдирүүнү калыптандыруу жана өркүндөтүү. Мына ушундай тексттердин бири – бул “Жумуш күнүм” тексти:

**Жумуш күнүм.** Күндө саат 5:50дө (беш элүүдө) ойгономун. Беш мүнөт төшөктө жатамын, андан кийин туруп, бетимди жууймун, тишимди тазалаймын. Чай коюп, кийине баштаймын. Саат 6:10до (алты ондо) эртең мененки тамагымды ичемин. Саат 6:30 (алты жарымда) аялдамага чыгамын, маршруттук такси менен университетке жөнөймүн. Сабактар 7:30 (жети жарымда) башталат, 11:50дө (он бир элүүдө) аяктайт. Сабактардан кийин үйгө келип, түшкү тамагымды ичемин. Бир саат эс аламын: уктаймын же диванга жатып, музыка угамын. Андан соң туруп, үй тапшырмаларды аткарамын. Саат 5те спорт машыгуусуна барамын. Саат 8де үйгө келемин, кечки тамагымды ичемин. Бир саатка эшикке чыгып, досторум: балдар-кыздар менен жолугушамын. Саат 9:30да (тогуз жарымда) үйгө кирип, бир саат сабактарымды кайталаймын. Саат 11:20да (он бир жыйырмада) бетимди жууймун, тишимди тазалаймын, уктаганы жатамын.

Бул менин жумуш күнүм.

Бул текстте 27 этиш берилген (кайталангандары да бар). Мына ушул тексттин негизинде үндөштүк мыйзамын (сингармонияны) кайталаса, коммуникацияга зарыл жана жетиштүү болгон этиштин жөнөкөй учур чагын, айкын келер чагын, айкын өткөн чагын, белгисиз өткөн чагын, адат өткөн чагын, бул чактардын оң, терс жана суроолуу формаларын мыкты өздөштүрсө болот. Окутуучунун талабы боюнча студент башында өзү тууралуу күн сайын эмне кыларын айтып берет. Айтып бергенден кийин окутуучу учур чактын оң, терс, суроолуу формаларын үйрөтүү жана бышыктоо, автоматтык түрдө колдонуп, көндүм деңгээлине жеткирүү үчүн башка студенттерге кайрылып, тексттеги лексиканын өздөштүрүлгөндүгүн текшерүү үчүн суроолорун атайын орусча берет. Мисалы: *“Юлия, спросите по-кыргызски у Максима, во сколько он просыпается”. “Сергей, спросите по-кыргызски у Максима во сколько часов он идет на тренировку”* деп, бардык этиштерге тиешелүү суроолорду берип чыгат. Андан соң жумуш күнүн айтып берген студент окутуучунун тапшырмасы боюнча башка студенттерге экинчи жактын сылык формасын колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн аларга *“Юлия, сиз саат канчада ойгон+о+суз, саат канчада окуудан үйгө кел+е+сиз?”* сыяктуу суроолорду берип чыгат. Андан соң окутуучунун тапшырмасы боюнча жооп берип жаткан студент ушул эле тексттин айрым жерлерин биринчи жактын көптүк сан формасында айтып берет. Мисалы: *“Байкем (эжем, иним, сиңдим) экөөбүз күндө саат 5:50 ойгон+о+буз, саат 6:10 эртең мененки тамагыбызды ич+е+биз ...”* дейт. Анан соң окутуучунун тапшырмасы боюнча жооп берип жаткан студент этиштин терс формаларын колдонууга машыгуу үчүн *“Мектептеги инилерим күндө саат 5:00дө ойгон+уш+па+й+т, алар саат 7:00 ойгон+уш+а+т, эртең мененки тамагын саат 6:00 ич+иш+пе+й+т, алар саат*

*7:00 ич+иш+е+т"* деп айтып берет. Мына ушундай ыкма менен студенттер этиштин учур чагынын I, II, III жагынын жекелик, көптүк түрлөрүн, оң, терс, суроолуу формаларын үйрөнүп, көндүм деңгээлине жеткиришет. Учур чактан кийин этиштин айкын өткөн чак формасын үйрөнүшөт. Мында текстти *"Кечээ мен саат 5:50дө ойгон+ду+м, беш мүнөт төшөктө жат+ты+м ..."* деп, жумуш күнүн айкын өткөн чак формасында айтып беришет. Этиштин белгисиз өткөн чагын колдонуу көндүмдөрүн калыптандырууда *"Жайында мен саат 5:50дө ойгон+гон+мун, беш мүнөт төшөктө жат+кан+мын ...."* деп айтып беришет. Этиштин адат өткөн чагын өтүүдө *"Мектепте саат 7:00 ойгон+чу+мун, беш мүнөт төшөктө жат+чу+мун ..."* деп айтып беришет. Этиштин айкын келер чагын үйрөнүүдө *"Эртең мен саат 5:50 ойгон+о+мун, беш мүнөт төшөктө жат+а+мын ..."* деп жооп беришет. Этиштин нагыз учур чагын өтүүдө бул тема окутуучунун тапшырмасы менен диалог түрүндө өткөрүлөт:

*Сен азыр үй тапшырмаларды аткар+ып жат+а+сың+бы?*

*Ооба, аткарып жатамын (жок, аткар+ба+й жат+а+мын, мен кино көр+үп жат+а+мын).*

Этиштин бардык белгиленген чактарын үйрөтүүдө жогоруда сыпатталган ыкмалар менен оң, терс жана суроолуу формаларын колдонуу жөндөмү көндүм деңгээлине жеткирилип, студенттердин этиштин чактары тууралуу билимдери, билгичтиктери менен көндүмдөрү система түрүндө калыптанат.

Коммуникацияга керектүү болгон маалымат берүү (сыпаттоо), маалыматты тактоо (кайсы бир нерсенин бар же жогун, процесстин өтүшүн же өтпөй калышын аныктоо), пикир алышуу көндүмдөрү мына ушундай жөнөкөй, түшүнүктүү, студент ар бир сөзүн, кыймыл-аракетин элестете алган тексттин негизинде, жогоруда аталган методикалык ыкмалардын системага келтирилген тутуму аркылуу калыптанат жана кесиптик чөйрөдө коммуникация жүргүзүүгө, коммуникациялык компетенциянын пайда болушуна жол ачат.

***Адабияттар:***


1. *Биялиев К.А.* Кыргызский язык: учебник для студентов других национальностей; 2-басыл. – Бишкек: КРСУ, 2009. – 314 С.
2. *Гериш Т.В.* Компетентностный подход как основа модернизации профессионального образования / Т.В. Гериш, П.И. Самойленко // Стандарты и мониторинг в образовании. 2006. № 2. С. 11–15.
3. *Дахин А.Н.* Открытое образование и компетентность его участников /А.Н. Дахин // Школьные технологии. 2008. № 1. С. 60–64
4. *Иванов Д.И.* Компетенции и компетентностный подход в современном образовании/ Д.И. Иванов // Завуч. 2008. № 1. С. 4–24.
5. *Исаева Т.Е.* Классификация профессионально-личностных компетенций вузовского преподавателя / Т.Е. Исаева // Педагогика. 2006. № 9. С. 55–60.
6. Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн УЛУТТУК ПРОГРАММАСЫ
7. *Нугуманова Л.Н.* Компетентностный подход в профильном обучении / Л.Н. Нугуманова // Педагогическое образование и наука. 2008. № 6. С. 9–15.
8. *Пассов Е.И.* Коммуникативное иноязычное образование. Концепция развития индивидуальности в диалоге культур / Е.И. Пассов. 2-е изд. Липецк: ЛГПИ – РЦИО, 2000. 204 с.; *Он же*. Коммуникативный метод обучения иноязычному говорению: пособие для учителей иностранных языков. 2-е изд. М.: Просвещение, 1991. 223 с.
9. *Редихин В.И.* Компетенции в коммуникации / В.И. Редихин // Школьные технологии. 2007. № 5. С. 11–20
10. *Чуб Е.В.* Компетентностный подход в образовании / Е.В. Чуб // Инновации в образовании. 2008. № 3. С. 21–26.